**УДК:372.61**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-199-205**

**Сейдекулова К.С.**
педагогика илиминин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Турусбекова А.Э.**
педагогика илиминин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Матеева А.Р.**
аспирант
Кыргыз Улуттук билим берүү академиясы
Бишкек ш.

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛДАРДЫН КЕБИН ӨСТҮРҮҮНҮН МАКСАТЫ, МАЗМУНУ ЖАНА ШАРТТАРЫ

**Аннотация:** макалада кенже курактан баштап, бөбөктөргө тарбия, билим берүүнү учурдун талаптарына жараша өркүндөтүүдө баланын эне тилинде сүйлөө кебин өстүрүү чоң мааниге ээ экендиги илимий изилдөөлөр аркылуу негиздүү берилет. Максаты жаш курактарына ылайык ар бир баланын сөздүгүн байытуу, өз эне тилинде байланыштуу сүйлөө кебин өркүндөтүү аркылуу мамлекетибиздин баардык региондорунда мектепке чейинки билим берүүнүн баардык балдар үчүн жеткиликтүүлүгүн жана сапатын камсыздоо. Баланын байланыштуу кебин калыптандырууда үй-бүлөөдө бала менен өз эне тилинде баарлашуу, эрте жашынан алардын сөз байлыктарын байытуу, байланыштуу сүйлөө жөндөмдүүлүктөрүн туура калыптандыруучу чөйрөнү түзүү керектиги айтылат. "Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо" стандартынын талаптарына ылайык балдардын кеп маданиятын калыптандыруу ишмердүүлүктөрү бакчада системалуу уюштурулганда, педагогикалык шарттар түзүлгөндө гана балдардын кебин жаш курактарына ылайык өркүндөтсө болору берилген.

**Негизги сөздөр:** кеп өстүрүү, кеп өстүрүүнүн максаты, кеп өстүрүү ишмердүүлүгүнүн мазмууну, стандарт, программа, коммуникативдүүлүк, оозеки кеп, эне тил, сөздүк иш, байланыштуу кеп, көркөм чыгарма.

**Сейдекулова К.С.**
кандидат педагогических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Турусбекова А.Э.**
кандидат педагогических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Матеева А.Р.**
аспирант

Кыргызская национальная академия наук
г. Бишкек

## ЦЕЛЬ, ЗАДАЧИ И УСЛОВИЯ РАЗВИТИЯ РЕЧИ ДЕТЕЙ ДОШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА

**Аннотация:** в статье раскрывается проблемы развития связной речи детей в процессе воспитательно-образовательной деятельности детского сада и в условиях семьи на родном языке. Целью является обогощение словарного запаса и развитие связной речи детей на родном языке и обеспечение доступности дошкольного образования для всех детей во всех регионах республики. Особое внимание уделяется о создании условий для развития связной речи в условиях семьи и детсого сада в соответствии государственному стандарту по дошкольному образованию.

**Ключевые слова:** развитие речи, цель развития речи, содержание деятельности развити речи, стандарт, программа, коммуникативность, усная речь, родной язык, словарная работа, связная речь, художественное произведение.

**Seidekulova K.S.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Turusbekova A.E.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Mateeva A.R.**
graduate student
Kyrgyz National Academy of Sciences
Bishkek c.

## PURPOSE, TASKS AND CONDITIONS OF SPEECH DEVELOPMENT OF PRESCHOOL CHILDREN

**Abstract:** the article reveals the problems of the development of coherent speech of children in the process of educational activities of the kinderqarten and in family conditions in their native Ianquaqem. The qoal is to enrich the vocabulary and develor coherent speech of children in their native Ianquaqe and ensure accessibility of preschool education for all children in all reqions of the republic. Particular fttention is paid to creatinq conditions for the development of coherent speech in a family tnvironment.

**Key words:** speech development, qoal of speech development, content of speech development activites, standard, proqram, communication, oral speech, native Ianquaqe.

Ата Мекенибиз эгемендүүлүккө ээ болгондон бери кенже курактан баштап, бөбөктөргө тарбия, билим берүүнү жана учурдун талаптарына жараша алардын дүйнө таанымын өркүндөтүүдө баланын эне тилинде сүйлөө кебин өстүрүү чоң мааниге ээ. Максаты жаш курактарына ылайык ар бир баланын сөздүгүн байытуу, байланыштуу сүйлөө

кебин убагында туура калыптандыруу жана байланыштуу сүйлөө кебин өркүндөтүү аркылуу мамлекетибиздин баардык региондорунда мектепке чейинки билим берүүнүн баардык балдар үчүн жеткиликтүүлүгүн жана сапатын камсыздоо. Чех элинин улуу педагогу Я.А. Коменский алгачкылардан болуп, үй-бүлөөдө баланы өз эне тилинде тарбиялоого, эрте жашынан алардын сөз байлыктарын байытууга, байланыштуу сүйлөө жөндөмдүүлүктөрүн туура калыптандыруу маселелерине чоң көңүл бурган. Эне тилди наристе курактан баштап баланы туура тарбиялоочу, акыл жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүүчү, терс жана зыяндуу таасирлерден сактап калуучу негизги каражат катары караган. Я.А. Коменский үй-бүлөдө баланын эне тилинин туура калыптанышына чоң маани берүү менен бирге, коомдук жайларда да балдарды тарбияоонуун бардык учурларына токтолгон. Өзүнүн прогрессивдүү идеяларында баланы тарбиялоодогу эненин ролун жогору баалап, энелерге жана бала багуучу аялдарга тарбия иштерин аң-сезимдүү аткаруулары боюнча жардам берүүнү көздөгөн. Балдарга тарбия-билим берүүдө Я.А. Коменский негиздүүлүккө чоң маани берген:

1.бардыгын жакшы билүү;

2.ишмердүүлүктө ишке ашыруу;

3.өзүнүн кебиндеги түшүнүктөрдү башкаларга ооз эки, ал эми билим алуунун жогорку баскычында жазуу жүзүндө бергенге үйрөнүү [1, с.132- 134бб].

Я.А. Коменский кептик көнүгүлөрдүн негиздери мектепке чейинки куракта калыптанат, ошондуктан улуулар баланы айлана-чөйрөсүндөгү буюмдарды ататуу жана аларды катыштырып сүйлөмдөрдү түзүүгө үйрөтүү, жомок айтып берүү, турмуштук ырларды жаттатуу аркылуу сөздүктөрүн байытып, байланыштуу кебин өркүндөтсө болорун баса белгилеген. Анткени, узак мезгилдерге чейин баланын кебин өстүрүүнүн негизги максаты болуп, анын өз оюн ооз эки кеп аркылуу чагылдыруусу, эне тилиндеги тыбыштарды сөздөрдө туура айтуусу, маанисине карата сүйлөө кебинде сүйлөмдөрдө эне тилинин грамматикалык закон ченемдүүлүктөрүнө ылайык байланыштуу туура өзгөртүүсүнө байланыштуу болгон.

Г.И.Винокур, Б.Н.Головин, В.Г.Костомаров, А.А.Леонтьев өздөрүнүн изилдөөлөрүндө туура кепти өнүктүрүү менен бирге анын коммуникативдик жактан максатка ылайыктуулугун сүйлөп жаткан адам өз эне тилинин тилдик нормасына жараша колдонсо гана коммуникативдик жактан байланыштуу кеп конкреттүү мамилелешүү, учурга ылайык оптималдуу колдонулаарын белгилешкен.

Баланын акыл, ойлоо жөндөмдүүлүгү, сүйлөө кеби наристе куракта башталып, мектепке чейинки жана башталгыч мектепте окуу мезгилинде, өспүрүм куракта интенсивдүү өнүгөт. Эгерде улуулар балдарды кенже курактан баштап туура сүйлөгөнгө үйрөтсө, баланын элестетүү, андан кийин ой жүгүртүү, кыялдануу жөндөмдүүлүктөрү ар бир жаш курактарда улам кеңири өркүндөйт. Баланын байланыштуу сүйлөө кеби менен бирге, анын акыл-сезими, эрки жана эмоциясы да жогорку деңгээге көтөрүлөт.

Азыркы мезгилде, мектепке чейинки курактагы балдардын кебин өркүндөтүүгө коюлган талаптардын максаты балдардын жаш курагына ылайык чоң өзгөрүүлөргө учуроодо, анткени балдар эрте жаш курагынан баштап ар кандай кызыктуу оюнчуктар менен ойноп, бакчада курбулары менен мамилелешип, улуулар аларга ар кандай кызыктуу жомок китаптерди окуп берип, суроо-жооп аркылуу аңгемелелишип байланыштуу кептин калыптанышына чоң мүмкүнчүлүктөр түзүлүүдө. Ошондой эле учурда жаш курагына ылайык тандалып, ата-эне, педагогдор тарабынан туура колдонулган заманбап мультимедиялык каражаттар да

балдардын акыл-ойлорунун өркүндөшүнө, ооз эки сүйлөө кебинин калыптанышына чоң таасирин тийгизүүдө. Кыргыз мамлекетинин "Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо" (29июнь 2020ж. №363) стандарты 6-айдан-7жаш курагына чейинки балдарга тарбия, билим берүү жана өркүндөтүүдө негизги документ болуу менен бирге мектепке чейинки билим берүү уюмдардын ар кандай типтерине, түрлөрүнө карабастан баардгына бирдиктүү талаптарды коёт. Стандарттын талаптарына ылайык мектепке чейинки билим берүү уюмдары үчүн учурда колдонулган программалар баланы так, көркөм сүйлөөгө жана эне тилинин өнүгүү закон ченемдүүлүгүнүн чегинде жаш курактарына ылайык кеп маданиятынын эрежелерин сактап, туура сүйлөө көндүмдөрүн калыптандырууну карайт. Мамлекеттик стандартынын талаптары боюнча түзүлгөн программалар мектепке чейинки курактагы балдардын жаш курактарына ылайык сөздүктөрүн, образдуу кебин байытат, поэтикалык угуу сезимдерин, чыгармачылык кеп ишмердүүлүктөрүн, эстетикалык жана нравалык түшүнүктөрүн калыптандырат Ар бир тайпадагы балдар үчүн окуу жылынын аягында (май-июнь) жаш курактарына ылайык илимий жактан негизделген күтүлүүчү натыйжалардын көрсөткүчтөрү берилет [2, 12-15 бб].

Ошондуктан, мектепке чейинки уюмдардын ар кандай типтеринин, түрлөрүнүн шарттарына, талаптарына ылайык ар кандай вариативдүү программалардын адистер тарабынан иштелип чыгышы, аларды педагогдор тарабынан чыгармачылык менен иш тажрыйбада колдонууларына шарт түзүү жана мүмкүнчүлүк берүү учурдун талабы. Негизги максаттардан болуп, мектепке чейинки курактагы баланы улуттук адабий тилдин негизинде айлана чөйрөсүндөгүлөр менен мамилелешүүгө тарбиялоо, жаш курагына ылайык анын ооз эки байланыштуу кебин жана айлана-чөйрөсүндөгүлөр менен сүйлөшүү маданиятын калыптандыруу болуп эсептелет. Балдардын кебин өркүндөтүү боюнча "Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо" стандартында белгиленген жалпы максаттардын талаптарына ылайык төмөнкүдөй атайы жана айрым милдеттер келип чыгат. Аларга: жаш курактарына ылайык балдардын сөздүктөрүн байытуу, кебиндеги тыбыштарды туура айттыруу, грамматикалык жактан туура сүйлөм түзүү, байланыштуу кебин (диалогиялык-сүйлөшүү жана монологиялык) өркүндөтүү, эне тилинин жана байланыштуу кебинин калыптанышы жөнүндө баланын жөнөкөй түшүнүккө ээ болуусу, көркөм сөзгө, чыгармаларга болгон сүйүүсүн калыптандыруу кирет. Балдардын байланыштуу сүйлөө кебин өркүндөтүүнүн негизги максаттары ар бир кийинки жаш куракта акырындап татаалданып, психикалык, физиологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен турмушка ашырылат.

*Балдардын сөздүктөрүн калыптандыруу ишмердүүлүгү.*

Мектепке чейинки курактагы баланын сөздүктөрүн байытуу, бекемдөө жана активдештирүү жаш курактарына жараша бакчада режимдин баардык учурларында турмушка ашырылат. Баланын сөздүктөрүн байытууда ар кандай көрсөтмөлүүлүктү, методикалык ыкмаларды пайдалануу аркылуу ар бир жаңы сөздүн маанисин даана ачуу зарыл. Анткени – сөз ар бир тилдин негизги бирдиги, элементи болгондуктан кеп аркылуу мамилелешүүнү баланын сөз корун байытпай туруп өркүндөтүү мүмкүн эмес. Тилдин жана кептин өзгөчөлүктөрүн түшүнүү балдарды тыбыштарды туура айттыруу, фонематикалык угуу жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүү, сөздүктөрүн байытуу аркылуу турмушка ашырылат.

Ал үчүн сөздөрдүн угулушуна балдардын көңүлдөрүн буруп, сөздөрдө көп угулган, кайталанган үндөрдү атап, анын кайсыл сөздөрдө жайгашканын жана ал үн менен башталган сөздөрдү атоону сунуштоо керек. Сөздүк иштерди жүргүзүү учурунда балдарга

антоним сөздөрдү (карама-каршы маанидеги сөздөр) табуу боюнча тапшырмаларды аткарат, синоним сөздөрдү (мааниси боюнча жакын сөздөр) ар кандай көркөм чыгармалардагы текстерди колдонуу аркылуу табуу боюнча көнүгүлөрдү аткарышат. "Сөз" жана "үн" деген терминдерди колдонуу аркылуу балдар кенже жаш курактан баштап эле алардын айрымачылыгы боюнча түшүнүк алышат. Мисалы: кайсыл жаныбар кантип үн чыгарат?- деген суроо аркылуу жаныбарлар, куштар ж.б. курт кумурскаларын үндөрүн тууроо жана аларды атоо. Балдардын сөз байлыктарын өркүндөтүү негизинен айлана-чөйрө менен тааныштыруу, оюнчуктар, буюмдар жана сүрөттөр менен иштөө аркылуу уюштурулуп, таанып билүүсүн өнүктүрөт. Балдардын сөздүгүн байытуунун негизги максаты, сөздүн маанисин түшүндрүү жана айтылган ойго, абалга, мамилелешүүнүн максатына байланыштуу колдонгонго үйрөтүү. Сөз менен иштөөнүн мазмууну баланын турмуштук тажрыйбасы, байкоолору, түшүнүктөрү менен байланышта болуусу зарыл. Окуу-тарбия иш чаралары программанын максаттарына ылайык системалуу, максаттуу ишке ашырылса балдарда жаңы элестер, түшүнүктөр пайда болуп, өз ара бири-бири менен мамилелешүү, пикир алышуусунда колдонулат, жаңы сөздөрдү өздөштүрөт. Жогорку тайпанын тарбиячысы тигил же бул нерселер, буюмдар, көрүнүштөр жөнүндө өз оюн толук, байланышта жана көркөм айтууга, сүйлөмдөрдү туура түзүүгө жана айта турган ойлорун ирети менен так, даана айтууга жаңы сөздөрдү пайдаланып байланыштуу сүйлөмдөрдү түзгөнгө үйрөтөт. Балага жаш курактарына ылайык ар түрдүү жомок, аңгеме, адабий чыгармаларды окуп- айтып берүү, ырларды, жаңылмачтарды, табышмактарды жаттатуу, сүрөттөр менен иштөө, иллюстрациялар боюнча аңгемелешүү, логикалык көнүгүлөр, экскурция, сейилдөө ж.б. иш чаралар аркылуу да балдардын сөздүктөрү байып, байланыштуу сүйлөөгө негиз түзүлөт. Балдардын эне тилинде сөздүктөрүн байытууда "Элдик чыгармалар өзүнүн көркөмдүгү менен баланын жан дүйнөсүнө терең таасир этет, эне тилинин угулушунун көркөмдүүлүгүнө, таттуулугуна болгон сүйүү сезимин өстүрөт" –деп К.Д.Ушинский абдан таамай белгилеген. Чынында балдар үчүн кыска, жөнөкөй, көркөм тил менен берилген элдик чыгармаларды жеңил, тез эстеп калышат жана сөздүктөрү байыйт [3, 121-127].

*Балдардын кебинде маданий үндүк тыбышты тарбиялоо боюнча* белгилүү психолог Д.Б. Эльконин өзүнүн изилдөөлөрүндө тилдеги тыбыштык системаны өздөштүрүүнү баланын кебинин калыптанышынын негизи катары карап, бири-бири менен байланышкан эки процессти караган: баланын тилдеги тыбыштарды кабыл алуусун б.а. фонематикалык угуу сезимин калыптандыруу жана кебиндеги тыбыштарды туура айтууларын калыптандыруу. Мектепке чейинки курактагы балдарды айлана-чөйрөсүндөгүлөр менен мамилелешүү процессинде кептеги маданий үндүк тыбыштарды өздөштүрүүгө жана сүйлөшүү учурунда туура дем алууга, эне тилиндеги баардык тыбыштарды сөздөрдө туура айтканга, шашпай, үндүн бийиктигин, басымын туура колдонуп, таасирдүү, көркөм сүйлөгөнгө тарбиячы (улуулар) үйрөтөт. Баланы туура сүйлөгөнгө үйрөтүү аркылуу, тарбиячы баланы башкалардын кебин уга билүүгө, кыргызча сөздөрдүн адабий тилде айтылыш эрежелерине ылайык, көркөм, эмоционалдуу сүйлөөгө тарбиялайт. Эгерде, өз убагында баланын сөздүгүн байытып, сүйлөө кебин өркүндөтүү боюнча максаттуу иш уюштурулбаса, көптөгөн адабий булактарда чагылдырылган мисалдардагыдай баланын психикасы өнүкпөй, сүйлөө кеби калыптанбай, мектепте билим алышына чоң тоскоолдуктарды жаратат. Буга мисал, чыгармачыл, таланттуу педагог В.А.Сухомлинский өз тажрыйбасынан мындай бир окуяны баяндайт: поезд жолунун жанында, дудук чоң энеси менен тарбияланган мектепке чейинки

жаштагы баланын сүйлөө аракеттерине көңүл бурулбаган. Бала нормалдуу болуп төрөлсө да эч ким менен сүйлөшпөй өскөндүктөн, анын интеллектиси өнүкпөй, мектепте мугалимдин баардык аракеттери жыйынтык берген эмес [4, с. 99-101 ].

Бул мисал баланын психикалык жактан өнүгүүсүнүн негизги каражаты – баланын кебин өркүндөтүү керек экендигин, ошондуктан педагог (ата-эне) муну такай эсинен чыгарбаш керектигин тастыктайт. Бала байланыштуу кепти дароо эле өздөштүрүп кете албайт. Ошондуктан, баланын тилин өстүрүү: маданий үндүк тыбыштарды тарбиялоо; сөздүк иш; грамматикалык жактан туура сүйлөө тилди; байланыштуу сүйлөө (диалогиялык жана монологиялык) кепти байытуу ишмердүүлүктөрүн бири-бири менен иреттүү байланышта уюштурганда гана баланын өз эне тилинде так, туура , көркөм сүйлөөсүнө шарт түзүлөт.

Б. Абдухамитова өзүнүн изилдөөлөрүндө байланыштуу кеп аркылуу (диалогиялык, монологиялык) тилдин жана кебибиздин негизги функциясы болгон –коммуникативдик ( мамлелешүү) турмушка ашат деп белгилейт. Анткени, даярдоо тайпаларындагы балдардын окуу эмгегине киришүү адаттарын өз убагында калыптандырсак, башталгыч мектепте алардын билим алууларына чоң өбөлгө түзүлөт [5, 34-37].

*а)* Диалогиялык (сүйлөшүү) кепти өркүндөтүү. Мектепке чейинки курактагы балдардын мамилелешүүсүн негизги формасы болуп, диалогиялык кеп эсептелет. Диалогиялык кепти калыптандыруу кенже курактан баштап, балдардын диалог түзүү көндүмдөрүн жана ыкмаларын өркүндөтүүгө, өзүнө кайрылган кепти угуу жана түшүнүүгө, сүйлөшүүнү кубаттоого, суроо берүү жана суроолорго жооп берүү, түшүндүрүү, ар кандай тил каражаттарын колдоно билүү, өзүн шартка жараша туура мамилелешүүгө багыттайт. Баланын диалогиялык кебин өркүндөтүүдө, мамилелешүүнүн татаалырак формасы монологиялык сүйлөшүү кепти калыптандырууга керектүү көндүмдөр калыптанат.

б)Баланын монологиялык кебин өнүктүрүү-анын байланыштуу тексти угуу жана түшүнүүсүн, кайталап айтуу, өз алдынча айтып берүүсүнткалыптандырууну божомолдойт. Жогорудагыдай көндүмдөр текстин структурасы жана ички байланыштуулугу жөнүндө билиминин негизинде гана калыптанат. [6, с.36-38].

А.Э. Турусбекова “Кыргыз элинин маданий дөөлөттөрүнүн негизинде мектепке чейинки балдарга тарбия берүү” – деген макаласында баланын эне тилиндеги сөздүгүн байытуу үчүн кичинекей кезинен баштап элдик чыгармалар, маданий дөөлөттөрдү чыгармачылык менен колдонуп, андагы окуялар аркылуу тарбиялоого өзгөчө маани берүү керек деп белгилеген [7, с. 306-308]. Жогоруда белгиленгендей мектепке чейинки курактагы балдардын кеп маданиятын калыптандыруу боюнча ишмердүүлүктөр системалуу уюштурулганда, педагогикалык шарттар түзүлгөндө гана балдардын байланыштуу сүйлөө кебин жаш курактарына ылайык калыптандырса болот.

Демек тарбиячы–педагог балдарды тилдин жана кептин кубулуштарын баамдоого, түшүнүүгө үйрөтүү аркылуу алардын өз эне тилинин өзгөчөлүктөрүнө болгон байкоосун тереңдетет, кебинин өз алдынча өнүгүүсүнө шарт түзөт жана ага болгон байкоосун жогорулатат. Эне тилинин жөнөкөй кубулуштарын түшүндүрүү боюнча көнүгүүлөрдү уюштуруу аркылуу балдарды сабатка үйрөтүүгө, мектепке ийгиликтүү даярдоону камсыз кылат.

**Адабияттар.**

1. Коменский Я.А. Избранные пед.соч. – М., 1955. – 132-134 бб.
2. “Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо”. – Б., (29июнь 2020ж. №363) стандарты). – 12-15 бб.
3. Ушинский К.Д. Избранные педагогические сочинения, т.2.-М., 1954. – С.121-127.
4. Сухомлинский В.А. Сердце отдаю детям. Киев, “Радянська школа”, 1969.
5. Абдухамидова Б.А. 2-класста адабий окуу предметин окутууга карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо / Б. Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова. –Бишкек: 2013, – 79-80 бб.
6. Федоренко Л.П., Фомичева Г.А., Лотарев В.К. Методика развития речи детейдошкольного возраста. М., “Просвещение”, 1977, – С.36-38.
7. Турусбекова А.Э. “Кыргыз элинин маданий дөөлөттөрүнүн негизинде мектепке чейинки балдарга тарбия берүү”. И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. Бишкек-2014. – 306-308 бб.

**Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Зулпуева К.А.**